УДК 94. (575.2)

**Токтогулова Г. Т**
ф.и.к., доцент.,
Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад
мамлекеттик университети
Жалал-Абад шаары, КР
**Сарыбаева А.А.**,
окутуучу
И.Арабаев атындагы Кыргыз
Мамлекеттик университети
Бишкек шаары, КР

**ЖАЛАЛ-АБАДДАГЫ МУГАЛИМДЕР ИНСТИТУТУНУН ТАРЫХЫ**

**Токтогулова Г. Т**
к.ф.н., доцент.,
Жалал-Абадский государственный
университет имени Б.Осмонова
город Жалал-Абад, КР
**Сарыбаева А.А.,**
преподаватель
Кыргызский государственный
университет им. И.Арабаева
город Бишкек, КР

**ИСТОРИЯ ЖАЛАЛ-АБАДСКОГО УЧИТЕЛЬСКОГО ИНСТИТУТА**

**Toktogulova Guljamal Tynybekovna**
ph.d. associate professor of JAGU after B.Osmonov
Jalal-Abad city,KR
**Sarybaeva A.A.,**
teacher
Kyrgyz State University named after I.Arabaev
Bishkek city, KR

**THE HISTORY OF THE JALAL-ABAD TEACHERS' INSTITUTE**

**Аннотация.** Негизги максатыбыз Жалал-Абаддагы мугалимдер институтунун тарыхын тактоо, Ата мекендик тарыхтын билим берүү, эл агартуу багытын толуктоо . Илимий макаланы даярдоодо илимде колдонулган ыкмалар эске алынып, системалуулук, объективдүүлук, өнүгүү, жалпы байланыш жана тарыйлуулук принциптери толук сакталып, маалыматтарды иргөө, тарыхый салыштыруу ыкмасынын натыйжасында жаңы маалыматтарды табууга мүмкүнчүлүк түзүлдү. Герменевтика ыкмасы Жалал-Абад шаарында 1948-1955-жылдары уюшулган мугалимдер институту тууралуу айтылып келген маалыматтарды тарыхый фактылар менен тактоого, ал эми анализ жана синтез, индукция жана дедукция, абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өтүү, логикалык жыйынтык ыкмалары изилдөө аракетинин натыйжага жетүүсүнө жардам берди. Изилдөө аракетинин негизги жыйынтыктары катары борбордук, областык архив фондуларында сакталган маалыматтар, тарыхый эмгектер чогултулуп, Жалал-Абаддагы мугалимдер институтунун тарыхы жазылды. Иликтөөгө алынган теманын илимий баалуулугу болуп, Кыргызстан тарыхынын билим берүү тарыхын, руханий маданиятынын динамикасын тактоого салым кошуу саналды. Изилдөөгө алынган теманын жыйынтыктарын Кыргызстан тарыхын окутууда изилденген тема катары колдонууга сунуштоо анын практикалык маанисинен кабар берет. Бул теманын алкагында Кыргызстандын түштүгүндөгү окуу жайлардын тарыхын тактоого, илимий иштерди улантууга изилдеген эмгек катары салым кошот.

**Негизги сөздөр:** сабатсыздык, мугалим кадрлар, агартуучулук, педагогикалык ишмердүүлүк, интеллигенция, окумуштуу, билим берүү, эл агартуу.

**Аннотация.** Основным предметом научных исследований является написание истории Джалал-Абадского учительского института за 1948-1955 годы, в рамках которой анализируются в историческом плане вопросы образования, народного просвещения. Основная цель-уточнить истории Джалал-Абадского учительского института, дополнить отечественную историческую образовательную, просветительскую направленность. При подготовке научной статьи учитывались методы, применяемые в науке, полностью соблюдались принципы систематичности, объективности, развития, всеобщей связи и историчности, что позволило найти новые данные в результате метода сортировки и исторического сравнения данных. Метод герменевтики помог уточнить историческими фактами сведения об учительском институте, организованном в городе Джалал-Абаде в 1948-1955 годах, а методы анализа и синтеза, индукции и дедукции, перехода от абстрактного к конкретному, логического вывода помогли исследовательской деятельности достичь результата. В качестве основных результатов исследовательской деятельности были собраны данные, хранящиеся в фондах Центрального, областного архивов, исторические труды, написана история Джалал-Абадского учительского института. Научная ценность исследуемой темы заключается в том, что она вносит вклад в выяснение истории образования, динамики духовной культуры Кыргызстана. Рекомендация использования результатов изучения данной темы в качестве материала для преподавания истории Кыргызстана подчеркивает её практическую важность. Данная работа способствует выяснению истории образовательных учреждений юга Кыргызстана и продолжению научной работы в рамках темы.
**Ключевые слова:** неграмотность, педагогические кадры, просвещение, педагогическая деятельность, интеллигенция, учёный, образование, народное просвещение.

**Abstract.** The main topic of the scientific article is the history of Jalal-Abad Teachers' Institute for 1948-1955, which analyzes the issues of education, public enlightenment in the historical aspect. The main purpose is to explain the history of Jalal-Abad Teachers' Institute, to supplement the domestic historical educational, enlightenment orientation. When preparing the scientific article, the methods used in science were taken into account, the principles of systematicity, objectivity, development, universal connection and historicity were fully observed, which allowed to find new data as a result of the method of sorting and historical comparison of data.

The method of hermeneutics helped to clarify with historical facts the information about the teachers' institute organized in the city of Jalal-Abad in 1948-1955, and the methods of analysis and synthesis, induction and deduction, transition from abstract to concrete, logical conclusion helped the research activity to achieve the result. As the main results of the research activity were collected data stored in the funds of the Central, regional archives, historical works, the history of Jalal-Abad Teachers' Institute was written. The scientific value of the researched topic is that it contributes to the clarification of the history of education, the dynamics of spiritual culture of Kyrgyzstan. The recommendation to use the results of the study of this topic as a material for teaching the history of Kyrgyzstan emphasizes its practical importance. This work contributes to the elucidation of the history of educational institutions in the south of Kyrgyzstan and the continuation of scientific work on the topic.
**Key words:** illiteracy, pedagogical personnel, enlightenment, pedagogical activity, intellectuals, scientist, education, public enlightenment.

**Киришүү бөлүгү.** XX кылымдын экинчи жарымы башталган мезгилде кыргыз элинин алдында коомду билимдүү кадрлар менен толуктоо милдеттери туруп, жогорку билимдүү мугалим кадрлары жетишсиз аймактарда жогорку педагогикалык техникумдарды, окуу жайларын, институттарды ачуу колго

алынган. Бул учурда географиялык жактан Кыргызстандын ортосунда жайгашкан Жалал-Абад кантону мугалимдер институтун ачып, бул аймакта мугалим кадрларды даярдап, аларды эл арасына жиберүү иштери жанданган. Ата мекендик согуш аяктагандан кийинки мезгилде Жалал-Абад шаарында ачылган мугалимдер институтунун тарыхын изилдөө Кыргызстандын билим берүү тарыхын тактай тургандыгы талашсыз. Демек, билим берүү багытындагы тарыхый жараянды тактоо зарылдыгын учурдун актуалдуу маселеси катары кароо менен, тарых барактарына кошумча салым кошууну негизги максат кылып алдык. Коюлган максатты ишке ашыруу үчүн Кыргызстандагы архивдик маалыматтарды изилдөө, иргөө, талдоо негизги милдеттердин бири болуп, анын натыйжасында Жалал-Абаддагы мугалимдер институтунун тарыхын тактоого салым кошулду.

**Изилдөө бөлүгү.** Архив жана тарых беттеринен белгилүү болгондой, 1948-жылы Жалал-Абадда эки жылдык мугалимдер институту ачылган. Борбордук жана областык архив корунан табылган маалыматтарга токтолсом, СССР Министрлер Советинин “О мерах помощи Киргизской ССР” (03. 06. 1948-ж.) деп аталган тапшырмасын турмушка ашыруу максатында, Кыргыз ССР Министрлер Совети **Жалал-Абад шаарында эки жылдык мугалимдер институтун** ачуу жөнүндө токтом (28. 06. 1948-ж., № 587) кабыл алган[1] . Анын негизги мазмуну: 2). 1948-жылы 1-сентябрдан баштап Жалал-Абад шаарында үч факультети менен эки жылдык мугалимдер институту түзүлсүн жана 1-курска 120 адам кабыл алсын; Факультеттерге кабыл алуу тартиби боюнча, кыргыз тили жана адабияты факультетине 2 тайпа – 60 адам, физика-математика факультетине 1 тайпа – 30 адам, орус тили жана адабияты факультетине 1 тайпа - 30 адам кабыл алынаары көрсөтүлгөн. Кыргыз ССРинин Агартуу министри Юнусалиевге милдеттендирилсин деген архивде:

1948-жылдын 1-июлуна чейин Жалал-Абаддагы мугалимдер институтунун директорлук жана окуу бөлүмүн тейлөөчү директордун орун басарынын кызмат ордуна татыктуу кандидатура тандоо, ушул жылдын 1-августуна чейин 1948-1949-окуу жылы үчүн окутуучу кадрлар менен толуктоо жана окуу пландарын тактоо, окуу жылы башталганга чейин Жалал-Абаддагы мугалимдер институтун зарыл окуу жабдуулар, окуу колдонмолор, окуу китептери жана адабияттар менен камсыздоо, ушул жылдын 1-сентябрына чейин, Жалал-Абаддагы мугалимдер институту үчүн 120 төшөк, шейшеп комплектисин бөлүп берүү, ал эми Жалал-Абаддагы областтык аткаруу комитетинин жумушчу депутаттар кеңешинин башчысы Шаназаровго милдеттендирилсин деген маалыматта: 1-августка чейин мугалимдер институтунун студенттерине жатакана үчүн 120 орунга ылайык жай жана окутуучулары үчүн 10 адамга батир табуу, ошондой эле ушул жылдын 15-августуна чейин табылган жайларды жашоого ылайыктап оңдоп-түзөөдөн өткөрүү, 15-августка чейин жергиликтүү каражаттарды пайдалануу менен окуу корпусун жана жатакананы зарыл жабдуулар менен камсыздоо каралса, Кыргыз ССРинин Мамлекеттик пландоо бөлүмүнүн башчысы Роговскийге милдеттендирилсин дегенде: ушул жылдын 3-кварталында мугалимдер институту үчүн жабдуу даярдоого жана имараттарды оңдоп-түзөөдөн өткөрүү үчүн курулуш материалдарын алууга, Жалал-Абад аткаруу комитетинин эсеп фондуна, Агартуу министрлигинин фондунан каражат бөлүү, Жалал-Абаддагы мугалимдер институтун жылуулук менен камсыздоо үчүн 100 тонна көмүрдү ушул жылдын 3-кварталына планга киргизүү, Кыргыз ССР Министрлер Советинин резервдик фондунан 3-кварталда бир жүк ташуучу машинаны Жалал-Абаддагы мугалимдер институту үчүн бөлүп берүү, өндүрүш кооперациясын башкаруу бөлүмүнүн башчысы Елизаровго милдеттендирилсин дегенде:15-августка чейин 400 сеткалуу темир кровать даярдалсын жана анын 120сы Жалал-Абаддагы мугалимдер институтуна 280ни Кыргыз педагогикалык институтуна бөлүштүрүлсүн,

Кыргыз ССРинин Агартуу министри Юнусалиевдин уруксаты менен республикалык бюджеттен агартуу багытына 1220 миң рубль бөлүнсүн жана бул акчага Жалал-Абаддагы мугалимдер институту жана Кыргыз педагогикалык институту каржылансын десе, Томшильскийге: ушул жылдын 1-августуна чейин 500 миң рубль сумма чегинде окуу жайлар жана мектептер үчүн окуу каражаттарын, жабдууларды ташып жеткирүү милдеттендирилсин деп, Кыргыз ОГИЗ бөлүмүнүн башчысы Спасский ушул жылдын 1-сентябрына чейин 300 миң рублдик окуу курал жана окуу усулдук колдонмолор, ошондой эле 300 миң рублдик көркөм адабият менен камсыздоо милдеттендирилсин, Кыргыз мамлекеттик басмакананын директору Джумабаевге ушул жылдын 1-сентябрына чейин ОГИЗ басмаканасынан 400 басма табак көлөмүндө окуу куралдарын жана башка адабияттарды даярдоо милдеттендирилсин, Кыргыз ССР Агартуу министри Юнусалиевге июнь айында 18-райондор аралык педагогикалык кеңешмени төмөндөгү пункттарга ылайык уюштурсун, Жалал-Абад областы: Базар-Коргон, Караван, Токтогул райондору, Ысык-Көл областы: Жети-Өгүз, Ысык-Көл, Тоң райондору, Ош областы: Гүлчө, Лейлек, Молотов жана Өзгөн райондору, Тянь-Шань областы: Ат-Башы, Кочкор, Ак-Талаа райондору, Фрунзе областы: Калинин, Кемин, Чүй райондору деп жазылган.

Кыргыз ССР Агартуу министрлигинин аппаратынын кеңейгендигине байланыштуу, Министрлер Советинин төрагасынын орун басары Каримов, Фрунзе шаардык Аткаруу комитетинин төрагасы Койбагаровго кошумча жардам берүү тапшырылсын (Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрага орун басары Ребров; бюро мүчөлөрү: Жаналиев, Ш.Каримов, Ш.Таянов, Н.Роговский; Кыргыз ССР Министрлер Советинин иш башкаруу бөлүмүнүн башчысы А.Силкин кол коюшкан)[2] - деген.

АлэмиКыргызССРМинистрлерСоветинин (06. 1948-ж., № 4) токтомун аткарууга байланыштуу, 1948-1949-окуу жылында Жалал-Абаддагы мугалимдер институтунун окуу корпусун жана жатаканасын капиталдык оңдоп түзөө үчүн керектелүүчү курулуш материалдардын тизмесин, иш башкаруу бөлүмүнүн башчысы А.Силкиндин маалыматы архив беттеринде сакталуу. Бул маалыматта 1948-1949-окуу жылындагы Жалал-Абаддагы мугалимдер институтунун окуу корпусунун жана жатаканасынын капиталдык оңдоп түзөө үчүн керектелүүчү курулуш материалдарынын тизмеси, 1949-1950-окуу жылына тиешелүү документте Жалал-Абаддагы мугалимдер институтунун директору Байбулатов, сырттан окуу бөлүмү боюнча да отчет берип, анда мугалим кадрларын даярдоонун өзгөчөлүктөрү жана башка бир катар көйгөйлөр айтылган[3].

Кыргыз ССР Министрлер Советинин (18. 11. 1948-ж.) "Кыргыз ССРинин мугалимдерин сырттан окутууну жакшыртуу иш-чаралары жөнүндөгү" токтомунун жана Агартуу министрлигинин (27. 11. 1948-ж., № 268) буйругуна ылайык, 1949-жылдын февраль айынын башында Жалал-Абаддагы мугалимдер институтунда сырттан окуу бөлүмү ачылып, бир катар иш-пландар кабыл алынган. Дирекциянын алгачкы буйругу менен жаңы бөлүм кадрлар менен толукталып, штаттык жадыбалга ылайык, сырттан окуу бөлүмү боюнча директордун орун басары, инспектор, методист, машинист-катчы ишин баштаган. Сырттан окууга арыздарды кабыл алуу 1-апрельден 20-июньга чейин уланып, бардыгы 233 арыз түшүп (орус тили жана адабияты адистигине – 65; кыргыз тили жана адабиятына – 117; физика-математикага – 51), алардын ичинен 195 абитуриент экзамен тапшырган. 15-29-июньдагы кирүү сынактарынын натыйжасында кыргыз тили жана адабияты адистигине 96; орус тили жана адабиятына – 53; физика-математикага - 46 студент кабыл алынган. Кыргыз ССР Агартуу министрлигинин чечими менен Оштогу мугалимдер институтунан 57 талапкердин өздүк баракчалары Жалал-Абаддагы мугалимдер институтунун сырттан окуу бөлүмүнө жөнөтүлүп, алардын 22си жайкы сессияга киргизилип, 16 абитуриенттин иши адашып жөнөткөндүгүнө байланыштуу кайрадан Оштогу мугалимдер институтуна кайтарылган.

Институттун директору Байбулатов жана сырттан окуу бөлүмү боюнча директордун орун басары Ширияздановдун маалыматына ылайык, сырттан окуу бөлүмүндө штаттык

окутуучу каралбагандыктан, күндүзгү бөлүмдө иштеген окутуучулар курамына таянууга туура келген. Андыктан, Б.Б. Байбулатов – Марксизм-ленинизмдин негиздеринен; Галимуллин жана Темкина - Педагогика жана психологиядан; Шириязданов – Марксизм-ленинизмдин негиздери жана СССР тарыхынан; Качкынбаев – математикадан; Аюпов - физикадан; Кардаполов жана Ткачев - орус тили жана адабиятынан, Майриков - Кыргыз тили жана адабиятынан сабак беришкен.

1949-1950-окуу жылы боюнча отчетто [4], бул жыл - мугалимдер институтунун студенттери, окутуучулар курамынын партиялык, комсомолдук уюмдары, дирекциясы үчүн окуу-тарбия, саясий-массалык иш жаатында оор жылдардан болгон. Өткөн жыл - мугалим кадрларды даярдоодо, студенттерди мугалимдик иш, илим-билим менен куралдандырууда педколлективдин жөндөмдүүлүгүн сынаган жоопкерчиликтүү жылдан болду. Быйылкы жылы институт мугалимдердин жаңы отрядын уядан учурат. Окуу жылында бардыгы 265 студент окуса, анын ичинен 122си толук курсту аяктады. 1950-1951-окуу жылы үчүн 200 адам кабыл алынмакчы. Контингент 350 студенттен туруп, ар тараптан камсыздалган 14 тайпага бөлүнөт.

Азыркы күндө (1949-1950-окуу жылы) 18 класс-кабинет, жыйындар залы (150-180 орундук), жабдуулар менен камсыздалган 6 окуу кабинети, 6 аудитория (ар бири 75-80 орундук), 20-25 орундуу китепкана (анда 1949-жылы 3247 китеп болсо, 1950-жылы 7000ден ашкан), агробиологиялык участок (бак, декоративдик өсүмдүктөр, буудай ж. б. дан өсүмдүктөрү, балык, коён ж. б.) бар. СССР Жогорку билим берүү министрлигинин бекитүүсү (1949-ж.) менен мугалимдер институтуна 19 штаттык орун берилсе, 1949-1950-окуу жылында 18 окутуучу жана 4 айкалыштыруучу болуп, баары 22 адам иштеген. Алардын ичинен: Б.Б.Байбулатов, (11 жыл), Б.Байсымбеков (6 жыл), К.Ф.Гайнутдиновдун (5 жыл) жогорку окуу жайында иштеген көп жылдык эмгек стаждары болсо, калгандары – 1-2 жылдан бери эмгектенип келишүүдө. Окутуучулардын жылдык жүктөмү – 15-17 миң саатка чейин болгон.

Дээрлик бардык окутуучуларга илимий темалар бекитилгендиктен, алар изилдөө иштери менен да алектенишип, окутуучу Байсымаков адистик предмети кыргыз тили жана адабияты боюнча кандидаттык минимум тапшырган. Окутуучулар Сидоренко, Гайнутдинов, Тамбиева, Байсымаков, Казаковалардын аткарган илимий-изилдөө иштери кафедрада талкууланып, бир катарынын окуулугу, макалалары жарыкка чыгарылган. Алар: Гайнутдинов - “Жогорку математиканын негиздери” деген окуу китеби (кыргыз тилинде); Сидоренко - “Кыргыз мектептериндеги орус тили”; Тамбиева - “Областтык кыргыз орто мектептеринде математиканы окутуунун абалы жөнүндө”; Байсымаков - “Маяковскийдин кыргыз поэзиясындагы таасири жөнүндө” деген макалалар. Институттун окутуучулук курамы жана студенттер улуу кыргыз акыны Токтогул Сатылгановдун 85 жылдыгы жана Октябрь революциясынын 32 жылдыгын татыктуу белгилөөгө астейдил даярдык көрүшкөн. Институттун окутуучулары шаардагы жана жакынкы райондордогу интеллигенция жана колхозчулар үчүн лекцияларды жана докладдарды окуп турушкан.

СССР Жогорку Билим Берүү Министрлиги жана Кыргыз ССРинин Агартуу Министрлиги тарабынан берилген көрсөтмөгө ылайык, Жалал-Абаддагы мамлекеттик мугалимдер институту 1949-1950-окуу жылы үчүн студенттерди кабыл алууга даярдык көрө баштап, ал эки багытта жүргүзүлгөн: биринчиси - студенттерди кабыл алуу, экинчиси - институттун окуу-материалдык базасын чыңдоо. Бир катар иш-чараларды өткөрүүнүн (массалык маалымат каражаттары аркылууу үгүт, түшүндүрүү, жолугушуулар ж. б.) натыйжасында, институтка 218 абитуриент тапшырып (анын ичинен 184 кыргыз), жылдын аягына карата студенттердин контингенти боюнча берилген маалыматка токтолсок, кыргыз тили жана адабияты факультетинде 1-курста 51/51, 2-курста 66/66 студент, орус тили жана адабияты факультетинде 1-курска 23/0, 2-курста 26/17 студент, физика-математика факультетинде 1-курста 45/41, ал эми 2-курста 26/17, табият таануу факультетинде 1-курста 22/22, экинчи

курста бир да студен окубагандыгы, жалпы 1-курста 141/114, ал эми 2-курста 124/83 студент болгон.

Бул жылы мугалимдер институту 120 бүтүрүүчү чыгаруу керек болсо, 1 студент Кыргыз ССР Агартуу министрлигинин макулдугу менен тездетилген тартипте окутулгандыктан, 121 адис чыгарылган. Окуу пландарын аткаруу жана окуу иштерин уюштуруу боюнча да аудиторияларды жакшыртуу, сабактардын жүрүшүн текшерүү, окутуучулар курамындагы жетишпеген маселелердичечүү,студенттердинөзалдынча иштерин уюштуруу сыяктуу маселелерге көңүл бурулган. Окуу-өндүрүштүк практикаларды уюштуруп өткөрүү СССР Эл Комиссарлар Кеңешинин "СССРдин жогоркуу окуу жайларындагы студенттеринин өндүрүштүк практикасы жөнүндө" (28. 03. 1938-ж.) жана Министрликтин "Мугалимдер институтундагы педагогикалык практиканын инструкциясы" (08. 07. 1946-ж.) деген документтерге негизделип, анын негизги максаты - 7 жылдык мектептерде 5-7-класстар үчүн класс жетекчилик жана мугалимдик жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу болгон.

Педагогикалык практика 2-курста окуу жылдын 2-жарым жылдыгына белгиленип, кыздар мектебинде, "Крупская" атындагы ж. б. орто мектептерде, "Үлгү" жана "Ворошилов" атындагы 7-жылдык мектептерде өтүлгөн. Практикага тажрыйбалуу окутуучулар (Сидоренко, Темкина, Гайнутдинов, Байсымаков, Тамбиева, Уметова, Майрыкова ж. б.) жетекчилик кылышып, алар практиканттар жана мектеп мугалимдери менен биргеликте кеңешме өткөрүшкөн. Мектеп мугалимдери жана студенттер тиешелүү документтерди (күндөлүк, иш пландар, мүнөздөмө ж. б.) даярдап толтурушкан. Ушул окуу жылында мугалимдер институтунун директору Байбулатов, орун басары Шириязданов болгон [5].

Бишкектеги архив фондунан Мугалимдер институтунун окутуучулары [6. 66], студенттердин кыймылы [6.67] жөнүндө маалыматтарды табууга болот.

1951-1952-окуу жылында мугалимдер институтунун (дареги: Жалал-Абад ш., Комсомольская көч. № 25) сырттан окуу бөлүмү боюнча маалыматты окуу жайдын директору Санниковдун отчетунан (14. 08. 1951-ж.) тапсак болот. Жалпы 208 абитуриенттен, 177си кабыл алуу сынагына кирип, анын 129 (126 – 1-курска, жогорку курска – 3) кабыл алынган. Жалпы бардык курста 356 студент болгон [7.1]. Ал эми жайкы сессиянын башталышындагы студенттердин контингенти тууралуу институттун сырттан окуу бөлүмү боюнча директордун орун басары Галимуллиндин маалыматында болсо [7.35], сырттан окугандардын установочный-сынак сессиясынын жыйынтыктары № 5 формада берилип [10.38], бүтүрүүчүлөрү (10. 1951-ж.) жөнүндөгү маалымат [7.42] да бар. Бул жылы физика-математика адистигин 5 бүтүрүүчү [7.43] аяктаган.

Архив беттеринде 1950-1951-окуу жылындагы Жалал-Абад мугалимдер институтунун штаттык бирдиги, окутуучулук курамдын саны, ошондой эле, партиялуулугу, улуттук курамы, эмгек стажы жөнүндөгү берилген маалыматтарга ылайык Жалал-Абаддагы жогорку окуу жайынын саны 1-ЖАМИ, 1950-1951-окуу жылында штатта 21 адам, партияда эместери 7 адам, кыргыздар 6, беш жылдык эмгек стаждуулары 16, он жылга чейинки эмгек стаждуулары 2, он жылдан ашык эмгек стаждуулары 3 [8.47].

1950-1951-окуу жылындагы студенттердин контингенти боюнча (күндүзгү/сырттан) маалыматты да архив беттеринен табууга болот [8.50] Ага ылайык, кыргыз тили жана адабияты факультетинде 1-курста 71/49, экинчи курста 78/53, баары 149/102 болсо, физика-математика факультетинде биринчи курста 69/44, экинчи курста 40/37, баары 109/81, табият таануу факультетинде биринчи курста 28/28, экинчи курста 23/22 , баары 51/50, тарых факультетинде биринчи курста 24/24, экинчи курста студент жок, баары 24/24, жалпы биринчи курста 192/145, экинчи курста 141/112, жалпы 333/257 студент болгон.

Кыргыз ССР Агартуу Министрлигинин педагогикалык жогорку окуу жайлар бөлүмүнүн инспектору В.Коротенконун тактамасында (1951-52-окуу жылы) Республикадагы бардык жогорку окуу жайлардагы профессордук-окутуучулук курам боюнча маалымат берилип, анын ичинде Жалал-Абаддагы мугалимдер институтунда: жалпы

28, анын ичинде илимдин доктору, профессор – жок, илимдин кандидаты, доценттер – 3; ага окутуучулар - 7, окутуучулар – 18; партияда – 9; ВЛКСМдын мүчөсү – 10; партияда жок – 9; орустар – 8; кыргыздар – 8; башка улуттар – 12; 5 жылга чейинки стаждуулар – 23; 10 жылга чейинкилер – 3; 10 жылдан ашык стаждуусу – 2; аялдар - 10 (анын ичинен кыргыздар – 1), - деп берилсе, 1952-1953-окуу жылында жалпы окутуучулар - 31, анын ичиде: илимдин кандитаты, доценттер – 2; ага окутуучулар – 10; окутуучулар – 19; КПССтин мүчөсү – 12; ВЛКСМдын мүчөсү – 13; партияда эместер – 6; орустар – 12; кыргыздар – 11; башка улуттар – 8; беш жылга чейинки стаждуулар - 28, он жылга чейинкилер - 2, он жылдан ашык стаждуусу – 1; аялдар - 13 (анын ичинен кыргыздар – 1) [9] болгон.

Институттун 1951-1952-окуу жылы боюнча отчетунда, жалпы 25 окутуучу болуп, анын ичинен Сыртланов өз каалоосу менен жумуштан кеткендиги, Мамабетов, Нуракунов, Гернун - Фрунзе шаарына которулгандыгы, Б.Байсымаков - жүрүш-турушуна байланыштуу бошогондугу жазылган. Окутуучулардын басымдуу бөлүгү жаштардан туруп, көбү (Саткынов, Сартбаев, Селихова, Кучеров, Абдукаримов, Токтоматов, Певзнер ж. б.) жогорку окуу жайында алгачкы жолу иштеп жаткандар. Институттун түзүлгөндүгүнө аз убакыт болгондугуна карабастан, эки окутуучу (Б.Байбулатов, К.Пискарев) илимий иштерин коргоп, илимдин кандидаты болушкан.

1952-жылдын башында институттун окутуучулар курамы илимий темаларын бекитип, изилдөө иш пландарын түзүшүп, Финкель, Шефтелл жана Шугурчиноволар кандидаттык минимумдарын тапшырышкан. Айдашев жана Тынымсеитовдор илимий макалаларын даярдашып, областтык газетага кыргыз тилинде жарыялашкан. В.Пискарев "Жалал-Абад областындагы орто мектептерде биологияны окутуу" деген теманын үстүндө иштөө менен мектептерден материал чогултуп, тиешелүү усулдук материалдар областтык билим берүү бөлүмүнө берилген. Кандидаттык минимум тапшырууга даярданып жаткандар (1952-ж.): К.Д.Кубатиев (англис тили), А.Абдукаримов (математиканы окутуу), Ф.В.Лысиков (Физика); кандидаттык минимум тапшыргандар (1952-ж.): В.П.Шефтель, Е.Б.Шугурчинова (немец тили), Л.В.Финкель (физика-математика); илимдин кандидаты окумуштуулук даражасын алгандар: А.А.Фетислямов (биология илимдери) [10].

Кыргыз ССР Агартуу Министрлигинин педагогикалык жогорку окуу жайлар бөлүмүнүн инспектору В.Коротенконун маалыматы боюнча (1953-ж.), Жалал-Абаддагы мугалимдер институтунан Б.М.Оморов кандидаттык диссертациясын жактаган [11]. Ошондой эле 1954-жылы сүрөтчү Машенцев тарабынан лаборант П.Забиров 2-курстун физика-математика адистигинин студенти Р.Тукаев менен институттун лабораториясында жүргүзүп жаткан сабагынын сүрөтү Бишкектеги борбордук архивдин сүрөт фондусунда сакталган.

Жалал-Абад мугалимдер институтунун (1955-ж.) профессордук-окутуучулук курамынын тарифтик тизмеси боюнча Орус тили жана адабияты кафедрасында: - А.А.Фетислямов, О.Г.Бочкарева, Б.П.Шефтель, Е.Ф.Локтианова, А.И.Поисов; Физика-математика кафедрасында: - Т.Мамуров, И.Жунушев, Н.Иманалиева, А.Аманалиев, Д.Жоробеков, И.Г.Селихова, А.М.Филатов, М.И.Ердалимский; Табият таануу жана география кафедрасында: - К.Пискарев, Т.Айдашев, К.Асранкулов, Ж.Сооронбаева; Педагогика жана психология кафедрасында: - А.Омуркулова, А.И.Таисов, А.Н.Шмагайлова, Ж.Сооронбаева, Г.И.Петренко, К.Сартбаев, Абдыкадырова; Марксизм-ленинизм кафедрасында: - Я.Л. Ниренбург, З.М.Илюхина, А.Саткынов; Кыргыз тили жана адабияты кафедрасында: - И.Г. Гобуш, Е.Абрамова, Жамков ж. б. бир катар инсандардын иштегендиги, 35 бирдик үчүн бекитилген айлык-акысы берилген [12. 357].

Кыргыз ССР Агартуу министринин орун басары И.Фуников жана финансыны пландоо бөлүмүнүн башчысы М.Буйко кол койгон тактамада (1955-ж.), Жалал-Абад областы боюнча 475 миң рубль айлык-акынын 25 миңи мугалимдер институтуна бөлүнгөнү маалым [13.8].

Кыргыз ССР Министрлер Советинин иш башкаруучусу И.Мамралиевдин маалыматында (16. 02. 1955-ж.), Жалал-Абаддагы мугалимдер институту - 195, педагогикалык окуу жайы - 108 бүтүрүүчү чыгаргандыгы жазылган [13. 42,50].

Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин токтомуна ылайык, Кыргыз ССР Агартуу министринин (04. 06. 1955-ж., № 51/1) 1955-жылдагы кабыл алуу пландары жана педагогикалык окуу жайларын жоюу жөнүндө буйругу чыгып, анын тиешелүү пункттарын сунуштасак: Кыргыз ССР Агартуу министринин 1955-1956-окуу жылындагы кабыл алуу планы боюнча педагогикалык институттарга 675 адам, педагогикалык окуу жайларга 300 адам кабыл алынсын, 1955-жылдын 1-сентябрынан Жалал-Абаддагы жана Нарындагы мугалимдер институту жабылсын, Жалал-Абаддагы мугалимдер институтунун студенттери Ош педагогикалык институтуна ... которулсун жана алардын педагогикалык институттун окуу пландарын өздөштүрүп жетишүүсүнө шарт түзүлсүн[14], Жалал-Абаддагы мугалимдер институтунун ... имараттарын, чарбалык жана окуу жабдууларын, китеп фондун жана башка материалдарын комиссиянын бүтүмүнө ылайык, белгиленген тартипте 15-августка чейин башка окуу жайларга өткөрүлүп берилсин, жоюлган окуу жайлардын имараттарын жана башка каражаттарын өткөрүү үчүн педагогикалык окуу жайлардан төмөндөгүдөй курамда комиссия түзүлсүн, Фрунзедеги педагогикалык институттан: педагогикалык окуу жайлардын жана кадрлар бөлүмүнүн башчысы төрага М.Б.Балтабаев, комиссия мүчөлөрү: Фрунзе педагогикалык институттун директору Н.В.Филатов, Кыргыз кыз-келиндер growth пединститутунун директору К.Токтоманбетова, Пржевальский педагогикалык институтунун директордун милдетин аткаруучу М.Г.Шарафуддинов жана Кыргыз ССРинин спорт жана дене тарбия өкүлү. Жалал-Абаддагы мугалимдер институту жана Оштогу педокуу жай боюнча: төрага педагогикалык окуу жайлар жана кадрлар бөлүмүнүн инспектору Ф.С.Гайнуллин, комиссиянын мүчөлөрү: Жалал-Абаддагы мугалимдер институтунун жана Оштогу педокуу жайынын директорлору Дж.Койчуманов жана Ф.И.Половиковдор, Ош жана Жалал-Абаддагы педокуу жайынын директорлору Р.Ахматова жана К.Шийкимбаевдер. Жалал-Абаддагы мугалимдер институтунун материалдык баалуулуктарын, окуу жабдууларын, китеп фондун комиссиянын бүтүмүнө ылайык, Оштогу педагогикалык институтка жана Жалал-абаддагы педагогикалык окуу жайга өткөрүлсүн. Ал эми Жалал-Абаддагы мугалимдер институтуна караган бардык имарат толугу менен Жалал-Абаддагы педагогикалык окуу жайга өткөрүлсүн, Жалал-Абад, мугалимдер институтунун директорлору бир ай мөөнөттүн ичинде бардык документтерин тактап, облассттык архив бөлүмдөрүнө 1955-жылдын 1-августуна чейин өткөрсүн, педагогикалык окуу жайлардын жана кадрлар бөлүмүнүн начальниги М.Балтабаев 1955-жылдын 1-августуна чейин жоюлган окуу жайлардагы профессордук-окутуучулук курамды тактап, ишке жайгаштыруу аракетин колго алсын, Жалал-Абад облассттык билим берүү бөлүмүнүн башчылары Акмолдоев ...ушул жылдын 1-июнуна чейин педокуу жайларды каржылоо булактарын тактап, 1955-жылдын 1-сентябрынан ишинин көлөмүн эсепке алуу менен чыгаша сметасын облассттык жумушчу депутаттардын бекитүүсүнө ушул жылдын сентябрь-декабры үчүн сунуштасын, пландоо-финансы бөлүмүнүн башчысы М.С.Буйко педагогикалык институттарды 1955-жылдын 1-сентябрындагы жоюлган окуу жайларды эске алуу менен каржыласын, Буйрукту аткарууну көзөмөлдөө Агартуу министринин орун басары Н.Х. Абдулазизовго милдеттендирилсин [12. 152].

**Корутунду бөлүгү.** 1948-жылы 28-июнда №587 токтом менен Жалал-Абад шаарында эки жылдык мугалимдер институттун ачуу маселеси каралган. Жалал-Абаддагы облассттык аткаруу комитетинин жумушчу депутаттар кеңешинин башчысы Шаназаровго мугалимдер институтунун ачылышына жакындан жардам көрсөтүү милдеттендирилген. 1949-1950-окуу жылына тиешелүү документте Жалал-Абаддагы мугалимдер институтунун директору Байбулатов болгон. Кыргыз ССР Министрлер Советинин (18. 11. 1948-ж.) "Кыргыз ССРинин мугалимдерин сырттан окутууну жакшыртуу иш-чаралары жөнүндөгү" токтомунун жана Агартуу министрлигинин (27. 11. 1948-ж., № 268) буй-

ругуна ылайык, 1949-жылдын февраль айынын башында Жалал-Абаддагы мугалимдер институтунда сырттан окуу бөлүмү ачылып, бир катар иш-пландар кабыл алынган. 1948-жылы Жалал-Абад шаарында ачылган эки жылдык мугалимдер институту кыргыз коомун мугалим кадрлар менен камсыздап келген. Андан сырткары илимпоздор да даярдалган. Ошентип, Жалал-Абаддагы мугалимдер институту объективдүү себептерге байланыштуу жабылган (09. 1955-ж.), бирок өзүнүн жети жылдык жашоосунда коомду зарыл кадрлар менен толуктап, агартуу майданында чоң орду бар окуу жай катары тарыхта калды.

**Колдонулган адабияттар:**

1. БМА, ф. 350, оп. 14, д. 485, 18 - 20-бб.
2. БМА, ф. 688, оп. 1, д. 26, 21 - 23-бб.
3. БМА, ф. 1725, оп. 2, д. 628, 1-б.
4. БМА, ф. 1725, оп. 2, д. 627.
5. БМА, ф. 1725, оп. 2, д. 627, 1-5-бб.
6. БМА, ф. 1725, оп. 2, д. 627, 66-б.
7. БМА, ф. 1725, оп. 2, д. 650, 1-б.
8. БМА, ф. 1725, оп. 2, д. 649, 49-б.
9. БМА, ф. 1725, оп. 2, д. 778, 25 -б.
10. БМА, ф. 1725 оп. 2, д. 669, 1-10-бб.
11. БМА, ф. 1725, оп. 1, д. 8, 178-б.
12. БМА, ф. 1725, оп. 1, д. 1056, 357-б.
13. БМА, ф. 1725, оп. 2, д. 1053, 8-б.
14. БМА, ф. 1725, оп. 2, д. 52, 149-б.

УДК: 94.47 (575.2)(04)

**Алимова Б.М.**
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин Тарых жана чөлкөм таануу институтунун, Европа жана Америка өлкөлөрүнүн тарыхы кафедрасынын доценти

## УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШ ЖЫЛДАРЫНДА КЭЭ БИР ЭЛДЕРДИН МАЖБУРЛАП КӨЧҮРҮЛҮШҮ (депортацияланышы)

**Алимова Б.М.**
Доцент кафедры истории стран Европы и Америки Института истории и регионоведения Кыргызского национального университета имени Ж. Баласагына

## ПРИНУДИТЕЛЬНОЕ РЕЛИГИРОВАНИЕ НЕКОТОРЫХ НАРОДОВ В ВРЕМЯ ВЕЛИКОЙ ГРАЖДАНСКОЙ ВОЙНЫ (будет депортирован)

**Alimova B.M.**
Associate Professor, Department of History of European and American Countries, Institute of History and Regional Studies, Kyrgyz National University named after J. Balasagyn

## FORCED RELIGATION OF SOME PEOPLES DURING THE GREAT CIVIL WAR (will be deported)

**Аннотация:** Макала Улуу Ата Мекендик согуштун мезгилинде түзүлгөн өзгөчө татаал абалда Советтер Союзунун кээ бир элдеринин мажбурлап көчүрүлүшүнүн себептерине арналат. Өзгөчө көңүл депортацияга туш болгон адамдар менен баскынчылардын оккупация